УДК:37.047
DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/2-166-175

**Сманбаев Ө.А.**
педагогика илимдеринин доктору, профессордун м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## КЫРГЫЗСТАНДА ОКУУЧУЛАРГА КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮ МАСЕЛЕСИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯСЫ.

**Аннотация.** Макалада Кыргызстанда мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүү проблемасынын өнүгүү этаптары, алардын өзгөчөлүктөрү каралган. Азыркы кезде өлкөбүздөгү социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн, билим берүүнүн дүйнөлүк мейкиндигине кошулууга жана санариптештирүүгө багыт алышынын шарттарында мектеп бүтүрүүчүлөрүн аң сезимдүү кесип тандап алууга даярдоонун натыйжалуулугун арттыруунун зарылдыгы келип чыкты. Мына ушуга байланыштуу Кыргызстанда топтолгон бай тажрыйбаларды үйрөнүү жана андагы алгыктуу форма, методдорду учурдун талабына ылайык колдонуу мааниге ээ болот. Ошондой эле окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларды эл чарбасынын бардык тармактарын реформалоонун шарттарында кесипти компетенттүү тандоого даярдоону ишке ашыруунун мүмкүнчүлүктөрү белгиленген. Изилдөөнүн жүрүшүндө практикада өзүн актаган традициялык форма, методдорду жана интернетти, маалыматтык коммуникациялык техногияларды колдонуунун маниси ачыкталган.

**Негизги сөздөр**: кесип, санариптештирүү, кесипке багыт берүү, окуучу, мектеп, окутуу, тарбиялоо, билим берүү.

**Сманбаев О.А.**
доктор педагогических наук, и.о. профессора
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## СТАНОВЛЕНИЯ И ТЕНДЕНЦИЯ РАЗВИТИЯ ПРОБЛЕМЫ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ОРИЕНТАЦИИ УЧАЩИХСЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация.** В статье рассмотрены этапы развития проблемы профессиональной ориентации учащихся в Кыргызстане, их особенности. В настоящее время в условиях социально-экономических изменений в нашей стране, ориентации системы образования на вхождение в мировое образовательное пространство и цифровизацию возникает необходимость повышения эффективности подготовки выпускников школ к сознательному выбору профессии. В связи с этим важное значение имеет изучение богатого опыта накопленного в Кыргызстане и использование оптимальных форм и методов в соответствии современных требований. А также, отмечены возможности подготовки учащихся компетентному выбору профессии с учетом индивидуальных особенностей и условий реформирования всех отраслей народного хозяйства. В ходе исследования выявлены значение использования традиционных форм оправдавших себя на практике и информационно-

коммуникационных технологии.

**Ключевые слова:** профессия, цифровизация, профориентация, студент, школа, преподавание, воспитание, образование.

**Smanbaev O.A.**
Doctor of Pedagogical Sciences, acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## FORMATION AND DEVELOPMENT TRENDS OF THE PROBLEM OF VOCATIONAL GUIDANCE OF SCHOOLCHILDREN IN KYRGYZSTAN

**Annotation.** The article discusses the stages of development of the problem of vocational guidance of pupils in Kyrgyzstan, their features. Currently, in the context of socio-economic changes in our country, the orientation of the education system towards entering the global educational space and digitalization, there is a need to increase the efficiency of preparing school graduates for a conscious choice of profession. In this regard, it is important to study the rich experience accumulated in Kyrgyzstan and use optimal forms and methods in accordance with modern requirements. The possibilities of preparing students for a competent choice of profession are also identified, taking into account the individual characteristics of pupils and the conditions for reforming all sectors of the national economy. The study revealed the importance of using traditional forms that have proven themselves in practice and the Internet, information and communication technologies.

**Key words:** profession, digitalization, career guidance, student, school, teaching, upbringing, education

Коомдун өнүгүүсүнүн бардык этаптарында адамдын белгилүү бир кесипке ээ болуу маселеси маанилүү болгон. Тарыхый булактарды жана сакталып калган артефактарды (ташка чегилген жазуулар, эмгек куралдары ж.б. лар) талдоо кесиптик багыт берүү проблемасы адам коомунун цивилизациясы жана маданияты менен тыгыз байланышта өнүккөндүгүн көрсөтүүдө. Байыркы коомдо, палеосоциумда (30-50 миң жыл мурун) кесиптик багыт берүүнүн элементтери пайда болгон. Окумуштуулар А.Д. Сазонов, Н.И. Калугин жана А.П. Меньщиков «кесиптер адам коомунун пайда болушу менен пайда болгон» деп эсептешет»[8,б.10]. Окумуштуулар Р.М. Ассадуллин, Э.Ш. Хамитов жана В.С. Хазиев алгачкы уруулук коомдун өнүгүшүнүн абалын талдашып, коомдук түзүлүштүн бардык системасында адамдардын иш аракети керек болсо кымындай жетишкендиктерди, эмгектик традицияларды түбөлүк сактап, кесиптик көндүмдөрдү бекемдеп жана аларды жаш муундарга өткөрүп берүү менен байланышкан деп белгилешкен [4].

XIX-кылымдын аягы, XX-кылымдын башында бир катар өлкөлөрдүн коомдук ишмерлери, окумуштуулары ири өнөр жайдын өнүгүшүн байкашып, жаштарды коомго пайда келтире тургандай, шык жөндөмүнө ылайык кесип тандап алуусуна жардам берүү керектигин белгилешкен. Бүгүнкү күндөгү коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр кесиптик багыт берүү проблемасынын теориясын жана практикасын мындан ары өркүндөтүүнү талап кылат. Мына ушуга байланыштуу республикабызда кесиптик багыт берүү ишинин тарыхый өнүгүүсүн жана анын жетишкендиктерин талдоо, изилденүүчү феноменди өркүндөтүүнүн саясий-педагогикалык, социалдык-экономикалык шарттарын аныктоого мүмкүндүк берет.

Окумуштуу Э.Д. Днепров олуттуу историографиялык изилдөөсүз тарыхый

педагогикалык билимдин өнүгүү процессин түшүнүүгө жана
иштин андан аркы перспективасын аныктоого мүмкүн эместигин белгиле-
ген[6]. Кесипке багыт берүү ишинин өнүгүү тарыхын, калыптанышын, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны үйрөнбөй туруп, анын форма, методдорун, мазмунун өркүндөтүүгө, иштин системасын калыптан-дырууга болбойт.

СССР мезгилинде окуучуларды кесип тандап алууга даярдоо өзөктүү проблема катары жакшы өнүгүп, окуучуларга кесиптик багыт берүү ишинин системасы түзүлгөн. Топтолгон илимий, практикалык тажрый-балар өз учурунда дүйнөлүк педагогикалык коомчулук тарабынан жогору бааланган. Кыргызстанда билим берүү системасынын, педагогика илиминин өнүгүшү, этаптары жөнүндөгү маселелер педагог окумуштууларыбыз, тарыхчыларыбыз тарабынан (Ж. Аманалиев, М.Р. Балтабаев, И.Б. Бекбоев, А.Э. Измайлов М.Р. Рахимова жана башкалар) изилдешкен. Бирок, окуучуларга кесиптик багыт берүү маселесинин өнүгүүсү, калыптанышы, этаптары жеткиликтүү изилдене элек. Бул жагдай Кыргызстандын социалдык-экономикалык, саясий жактан өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, топтолгон педагогикалык тажрыйбаларды жаңы методологиялык, теориялык позицияда карап чыгууну талап кылат. Изилдөөгө тарыхый-логикалык мамиле жасоо кесиптик багыт берүү ишинин мазмунун, милдетин, форма, методдорун тактоого жана регионалдык концепциясын иштеп чыгууга шарт түзөт.

Кыргызстанда аталган проблеманы изилдөө 1950-жылдардын экинчи жарымында башталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий-тарыхый булактарды, топтолгон педагогикалык тажрыйбаларды талдоонун негизинде кесиптик багыт берүү ишинин өнүгүшүн беш этапка бөлдүк; (I этап – 1950-1969-жылдар; II этап – 1969-1984-жылдар; III этап – 1984-1991-жылдар; IV этап – 1991- жылдан бери) 2020 –жылга чейин; V– этап –2020 жылдан башталат. Этаптарга бөлүүдө төмөндөгү критерийлерге таяндык: илимий изилдөө иштеринин этаптарда аткарылышы; өлкөнүн социалдык–экономикалык өнүгүүсү менен шартталган билим берүү системасын өнүктүрүүнүн урунтуу учурлары; мектеп окуучуларына кесипке багыт берүү маселесинин теориядагы жана практикадагы абалы. Мына ушундай этаптарга бөлүү шарттуу болсо дагы, аталган проблеманы үйрөнүүнү жеңилдетет. Бул маселе кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө такталышы мүмкүн. Ар бир этапта кесипке багыт берүү маселеси белгилүү деңгээлде чечилген. 1920-1950-жылдардын аралыгында Россиянын бирдиктүү эмгек мектебинин тажрыйбалары жана педагог–окумуштууларынын илимий эмгектери Кыргызстанда кеңири колдонулган. Биринчи этапка чейин, республикабызда төмөндөгүдөй себептерге байланыштуу кесиптик багыт берүү маселеси боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес: 1. Изилдөө иштерин жүргүзө турган илимий мекемелердин жана педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги. 2. Кыргызстанда билим берүү системасынын жаңыдан өнүгө баштаышы. 3. Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалы.

I- этапта КПССтин XIX-XX съезддеринин чечимдери, КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин «Мектептин турмуш менен байланышын чыңдоо жана СССРде элге билим берүү системасын өнүктүрүү жөнүндө» мыйзамы (1958-ж.), Кыргызстан КП БК менен Кыргызстан Министрлер Совети «Мектептин турмуш менен байланышын чыңдоо жөнүндө» жана «Кыргыз ССРинде элге билим берүү системасын өнүктүрүү жөнүндө» мыйзамы (1959-ж.) мааниге ээ болгон. Мына ушул документтер Кыргызстанда мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүүгө байланышкан илимий изилдөө иштеринин башталышына түрткү болду. Окуучулардын коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгегин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн, билим жана тарбия берүүчүлүк жагдайларын алгачкылардан болуп О.Ч. Байчоров, И.Б. Бекбоев, Г.В. Благодарова Н.Я. Босикова,

П.С. Дадабаева, А.Э. Измайлов, Х.А. Калимов, Г.Т. Токтаров, А. Токтосунов жана башкалар изилдешкен.

II этап – 1969-жылы (декабрь) СССРдин агартуу Министрлигинин, Кесиптик техникалык билим берүү боюнча СССРдин Мамлекттик комитетинин, ВЛКСМ БКнын Бюросунун жана ВЦСПСтин Президиумунун биргелешкен «Окуучу жаштарга кесиптик багыт берүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынган учурга туура келет. КПССтин XXIV-XXV съезддеринин чечимдеринде (1971-ж., 1976-ж.), КПСС БК менен СССР Министрлер Советинин «Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларын окутуунун, тарбиялоонун жана аларды эмгекке даярдоонун мындан ары өркүндөтүү жөнүндө» (1977-ж., декабрь) деп аталган токтому белгилүү деңгээлде чоң роль ойногон. Бул документтерде окуучуларга кесипке багыт берүү ишин күчөтүү керектиги, аларды чыгармачыл эмгекке даярдоо маселеси белгиленген. 1981-жылы 24-декабрда Кыргыз ССРинин Министрлер Совети «Республиканын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин окуучуларына кесиптик багыт берүүнүн жана эмгекке даярдоонун абалы жана аны жакшыртуунун кошумча чаралары» деген токтом кабыл алган. Мына ушул этапта окумуштуу-педагогдор З. Акматалиеванын, Н.С. Быковченконун, З.Дж. Джантакованын, Х.А. Калимовдун, Ш. Мамыр-баевдин, Г.Т. Тохтаровдун, К. Тыныбековдун, Т.Ж. Оторованын, Ж. Жоокаевдин, М. Жакыпбековдун, А.П. Сейтешевдин ж.б.лардын изилдөөлөрүндө окуучулардын коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгегин уюштуруунун, эмгекке тарбиялоонун педагогикалык маселелери каралган.

III этап. КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин 1984-жылы 10-апрелде кабыл алган «Жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектептердин реформасы» жөнүндөгү токтомдун кабыл алынышы менен башталган. Мектеп реформасынын негизги багыттарында «Окуучуларды эмгекке тарбиялоо, окутуу жана аларга кесиптик багыт берүү системасы алар толук эмес орто мектепти бүткөн мезгилде билим алуусун улантуу үчүн тийиштүү окуу жайын жана кесипти ойлонгондук менен тандап алууга багыт берүүнү көздөйт» деп белгиленген. «Кесип тандоо» (VII-VIII класстар) деп аталган курстун киргизилиши окуучуларды эл чарбасынын тармактары менен кеңири тааныштырып, алардын политехникалык билимин жогорулатууда мааниге ээ болгон. Мына ушул этапта А. Абдыкеевдин, М.А. Алтыбаеванын, Ж.А. Аман-алиевдин, Д.Б. Бабаевдин, Ж.У. Байсаловдун, К.Б. Бийбосунованын, Н.Н. Беспаловдун, Т.М. Максүтовдун, Т.С. Сатыбекованын, Т.Ш. Тохтарованын жана башкалардын изилдөөлөрүндө кесиптик багыт берүү маселеси каралган. Бирок, мектеп реформасынын идеялары толук ишке ашкан эмес. Анткени, өлкөдөгү социалдык-экономикалык абалдын начарлашы өз кезегинде окуучуларга кесиптик багыт берүү ишине таасирин тийгизген. СССР мезгилиндеги пландуу экономика мектептеги кесиптик багыт берүү иштерин чарбалардын кесип ээлерине болгон керектөөлөрүн канааттандырууга багыттаган.

Мына ушул үч этапта окуучуларга кесиптик багыт берүү маселеси политехникалык билим берүү жана окутууну өндүрүмдүү эмгек менен байланыштыруу деген принциптерге таянуу менен менен жүргүзүлүп, , мамлекеттик заказдарга көз каранды болгон

IV этап өлкөбүздүн эгемендүүлүктү алган 1991-жылдан башталган. Ушул мезгилден баштап кесипке багыт берүү ишинин абалы абдан төмөндөп кеткен. Бул ишке жоопкерчилик негизинен КРнын Эмгек жана жаштар министрлигине жүктөлгөн. 1991-жылы 26-августта КРын өкмөтү тарабынан «Жумушсуз калкка жана жаштарга кесиптик багыт берүүнүн системасын түзүү жөнүндө» деген № 411 токтом кабыл алынган. Бирок, бул токтомдо мектеп окуучуларына (өзгөчө айыл мектебинде) кесиптик багыт берүүнүн өзгөчөлүктөрү эске

алынбагандыктан ишти алдыга жылдыра алган эмес. Натыйжада Кыргыз өкмөтүнүн 1994-жылы 19-майдагы № 344 – токтомуна ылайык күчүн жоготкон. Мына ушул этапта А.Б. Абдурехменованын, Т.И. Алиевдин, А.И. Ботокановдун, Т.П. Досанованын, А.О. Келдибекованын, Н.Т. Маткаримовдун, М.З. Ысмайыловдун жана башкалардын изилдөөлөрүндө базар экономи-касынын шарттарында мектептин жана кесиптик техникалык окуу жайлардын (лицейлердин) окуучуларын социалдаштыруунун жана аларды эмгекке даярдоону ишке ашыруунун маселелери каралган.

Коомубуздагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр өз кезегинде «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларында жаштарга кесиптик багыт берүү системасын өнүктүрүүнүн концепциясынын» (2014-ж., 14-октябрь, № 819/1), «Кыргыз Республикасында жаштарга кесиптик багыт берүүнүн систе-масын өнүктүрүүнүн концепциясынын» (2016-ж. 28-сентябрь) кабыл алынышына түрткү болду. Концепциянын максаты – эмгек рыногундагы ситуацияны эске алуу менен республикада натыйжалуу кесиптик багыт берүү системасын түзүүнү, кадрдык жана методикалык жактан колдоону көздөгөн.

Ал эми базар экономикасынын шарттарындагы кесиптик иш–аракет өндүрүштүк каражаттарга карата менчикке, өндүрүшкө толук кожоюндукка, ишкердиктин ар түрдүүлүгүнө, чарба жүргүзүүдө келишимдик катнаштын болушуна, финансылык көз карандысыздыкка, алардын ишмердигине мамлекеттик чектелген кийлигишүүсүнө негизделген. Мына ушул жагдайлар, эл чарбасынын өнүгүү перспективасы өлкөдөгү социалдык жана экономикалык абалга, кесиптик багыт берүү иштерине таасирин тийгизген. Бул багытта бир катар изилдөөлөр, пилоттук долбоорлор ишке ашырылган.

Мына ушул жогоруда белгиленген этаптардагы илимий адабияттарды историяграфиялык талдоо көпчүлүк эмгектерде окуучуларга кесиптик багыт берүү маселеси политехникалык билим берүү жана окутууну өндүрүмдүү эмгек менен байланыштыруу деген принциптерге таянуу менен менен жүргүзүлгөн тарбиялык иштердин натыйжасында мектеп практикасында алгылыктуу тажрыйбаларга таянуу менен чагылдырылгандыгын көрсөттү. Кесипке багыт берүү ишинин системасы коомдун өнүгүүсүнүн ар бир этабында белгилүү роль ойноп, мамлекеттик заказдарга көз каранды болгон

V этап 2020- жылдан башталды десек болот. 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында жана концепцияда Кыргызстан инновацияларга жана билимдерге негизделген санариптик технологияларды колдонгон өнүккөн маалыматтык өлкө болууга тийиш экендиги белгиленген[1;2]. Санариптештирүү процесси эл чарбасынын бардык тармактарын, анын ичинде билим берүү системасын камтыгандыктан кесиптик багыт берүү ишинин өнүгүүсүнүн жаңы этабынын бпшталышын белгилейт. Коомдогу социалдык баалуулуктардын трансформациясынын, санариптештирүүнүн, эл чарбасынын тармактарын модеризациялоо өз кезегинде эмгек рыногундагы өзгөрүүлөр менен байланышат. Натыйжада окуучуларды кесип тандоого даярдоонун актуалдуулугу өсөт. Биринчиден, эл чарбасынын бардык тармактарына инновациялык технологиялардын, санариптештирүүнүн киргизилиши жумушсуздукту жаратып, өзгөчө жаштардын алыскы жана жакынкы өлкөлөргө болгон миграциясын күчөттү. Экинчиден, эл чарбасынын бардык тармактарынын инновациялык өнүгүүгө багыт алышы квалификациялуу даярдыгы бар компетенттүү адистерге муктаждыкты жаратты. Мына ушуга байланыштуу өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарында, мектеп окуучуларын тарбиялоонун концепциясында кесиптик багыт берүү ишин өркүндөтүү

маселеси баса белгиленген. Бул жагдай өз кезегинде бүгүнкү күндө кесипке багыт берүү ишин жүргүзүүнүн натыйжалуулугун кантип арттыруу керек деген суроону чечүүнү талап кылат

Эл чарбасынын бардык тармактарын реформалоонун натыйжасында эмгек чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр жалпы, атайын даярдыкты талап кылган жана жаңы технологияга негизделген кесиптерге муктаждыкты пайда кылды[11;12]. Алар үчүн инновациялык технологияны, автоматташтырылган жабдуулардын иштөө принциптерин билүү абдан маанилүү. Азыркы кездеги эл чарбасындагы кесиптердин динамикалуу мүнөзү, келечектеги кесип ээлеринен кеңири профилдеги даярдыкты талап кылат.

Учурда Кыргызстанда кесиптик багыт берүү проблемасы билим берүүчү, кеңеш берүүчү, таасирлентүүчү деп аныкталган үч парадигманын негизинде өнүгүшү маанилүү. Билим берүүчү кесипке багыт берүү азыркы учурда негизинен мектептин билим берүү практикасына киргизилген жана окуучулардын кесиптик өзүн өзү аныктоосу социалдык өнүгүү үчүн зарыл болгон билимдерди, көндүмдөрдү, компетенцияларды жана жеке сапат-тарды өнүктүрүүгө багытталган. Бул окуу программалардын жана долбоорлордун комплекси менен көрсөтүлөт. Кесиптик багыт берүүгө таасирлентүү «берилген натыйжа менен өзүн өзү аныктоону» калыптандырууга багытталган жана кесиптик пропаганданын инструменттерине, көп учурларда коомдук жана инсандык аң-сезимди манипуляциялоого негизделип, бул кесиптик өзүн-өзү башкаруудагы тобокелдиктерди күчөтөт. Кеңеш берүүчү жана билим берүүчү кесипке багыт берүү ар бир окуучунун кесиптик өзүн өзү аныктоосун колдоо системасында эки бирдей компонент катары каралышы мүмкүн. Алардын ар биринин өз орду жана функциялары бар. Кыргызстанда кеңеш берүүчү компонент аздыр-көптүр ийгиликтүү иштейт, анын чектелген милдеттерин чечет; экинчиси туруктуу иштөө жана өнүктүрүү механизмдерин калыптандыруу стадиясында турат.

Азыркы кезде кесиптик багыт берүү мектептин маанилүү милдеттеринин бири катары, окуучулардын кызыгуусун, жөндөмүн үйрөнүүнү, жаңы социалдык-экономикалык шарттарда пайда болгон кесиптерден компетенттүү тандоого даярдыгын калыптандырууну көздөйт. Анткени, жаңы инновациялык технологияларды колдонуунун шартында стандарттуу эмес кырдаалдарга жараша чыгармачылык менен ийкемдүү иштей алган жөндөмдүү адистер керек. Окумуштуу Л.В. Горюнованын пикири боюнча жаңы социалдык-экономикалык шарттарда кесип ээсинин өндүрүштүк милдеттерди чечүүсүндө анын кесипкөйлүгү, мобилдүүлүгү мааниге ээ болот. Кесипкөйлүк – боло турган жумушту уюштуруп, аны аткарууда пайда болгон тоскоолдуктарды жеңе билүү жөндөмү жана ишке чыгармачылык мамилеси. Кесиптик ийкемдүүлүк – өндүрүштүк милдеттерди аткарууда ой жүгүртүүнүн өнүгүшү жана анын калыптаныш деңгээли, өз билимин көтөрүүгө жана инновациялык технологияларды өздөштүрүүгө умтулуусу[5].

Азыркы мектеп окуучулары Z муундун өкүлдөрү. Алардын дүйнө таанымынын өзгөрүшүнө жараша кесиптик багыт берүү ишинин жаңы ыкмаларын табууну талап кылат[3;7;9]. Алар дайыма интернетти, смартфондорду, социалдык тармактарды тынымсыз колдонгондуктан «санариптик адамдар» деп аталышат. Бул муундун бир катар төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү бар: 1) Алар заманбап техникага көз каранды. Алар реалдуу байланышка караганда виртуалдык байланышты артык көрүшөт. 2) Окууга, өзүнүн мүмкүнчүлүгүн ишке ашырууга жана кесип тандоого көп күч жумшабастан, бардык жерде биринчи болууга умтулушат. 3) Алардын иш аракеттери керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган. 4) Азыркы жаштар виртуал-дык байланышка абдан сугарылгандыктан, аларга адамдар менен

мамиле түзүү өтө кыйын ж.б. [1;7;10]. Окуучулар Кыргызстандын окуу жайлары, эл чарбасынын тармактары, ар кандай кесиптер жана адистиктер жөнүндө маалыматтарды интернеттен таба алышат. Бирок, изилдөөнүн жүрүшүндө алардын көпчүлүгү интернет булактарын, маалыматтык технологиялардын кесип тандоосунда максаттуу пайдалана алышпагандыгын белгилемекчибиз

Мына ушуга байланыштуу изилденип жаткан проблеманын теориядагы жана практикадагы абалын, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн арасында жүргүзүлгөн изилдөө жүргүзүлдү. Мисалы, бул максатта Нарын районунун мектептеринде жүргүзүлгөн изилдөөдө эксприменталдык (167 окуучу) жана текшерүүчү (169 окуучу) топ тандалып алынды. Алгач айыл мектебинин бүтүрүүчү класстын окуучуларынын кесип тандап алууга даярдыгы, ага таасир тийгизген факторлорду ж.б. маселелерди аныктоо үчүн алардан анкета алынып, аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү. Алар анкетадагы «Сиздин кесипти таандооңузга кимдер таасир берди?» деген суроого берген жоопторунда мугалимдер, ата-энелер, кесип ээлери, жолдоштору, массалык маалымат каражаттарын ж.б.ларды белгилешкен. Бул этапта эксприменталдык топтун 8%, текшерүүчү топтун 10% окуучулары кесип тандоодо интернет булактарын колдоно тургандыктарын белгилешкен. Ошондой эле айыл чарбасы менен байланышкан кесиптерди тандоону каалагандар 7-11%ды түзгөн. Бул абал санариптештирүүнүн шарттарында айыл мектебинин бүтүрүүчүлөрү менен кесип тандоодо интернет булактарын пайдаланууга жетиштүү даярдыгынын жоктугунан кабар берет.

Алынган изилдөөнүн натыйжалары бүгүнкү күндөгү санариптеш-тирүүнүн шартында мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү кесип тандоодо төмөндөгүдөй каталыктарды кетире тургандыктарын белгилемекчибиз: биринчиден, мектеп бүтүрүүчүлөрү эмгек рыногунун абалы жана эл чарбасынын тармактарынын квалификациялуу кесип ээлерине муктаждыктар тууралуу зарыл болгон объективдүү маалыматтарга ээ болушпастан, көпчүлүгү интернет аркылуу чогулткан кесип жөнүндөгү маалыматтар менен чектелишишет. Ал эми кесипти тандоодо келечектеги тигил же бул ишмердикте өз ордун табууга жардам бере турган фундаменталдык билимдерди, көндүмдөрдү, ийкемдүүлүктү, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү мааниге боло тургандыктарын эске алышпайт. Экинчиден, кесипти тандоодо окуучуларга да, алардын ата-энелеринин кадыр-барктуу кесиптерди гана көздөгөндүктөрү таасирин тийгизүүдө. Ата-энелер иш жүзүндө азыркы эмгек рыногунда эмне болуп жатканын этибарга алышпастан, балдары үчүн кабыл алган чечимдерине жоопкерчилик абдан жогору экендигине маани беришпейт. Үчүнчүдөн, мектеп окуучуларынын кесип тандоосуна жалпы республикалык тестирлөө таасирин тийгизет. Алардын көпчүлүгү кесип тандоосун тесттин жыйынтыгы менен байланыштырышып, өздөрүнүн жеке сапаттарын тандаган кесибине туура келеби же жокпу деп ойлонушпайт, коомдун керектөөлөрүн эске алышпайт. Кийин алар тандаган кесибин алмаштырууну көздөгөндөрдүн катарын толуктайт. Жогоруда айтылгандардын негизинде азыркы мектеп окуучулары үчүн жаңы шарттарда кесип тандоо маселеси кыйынга турат деп эсептесек болот. Буга далил катары төмөндөгү материалды карап көрөлү

Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык топтун окуучуларына кесипке багыт берүүдө мектеп практикасында өзүн актаган традициялык форма, методдорду жана интернетти, маалыматтык-коммуникациялык каражаттарды (мультимедиялык презентациялар, видео-роликтер, кесипке багыт берүү боюнча онлайн конференциялар, виртуалдык экскурсиялар жана жолугушуулар ж.б.), социалдык тармактарды, компьютердик оюндарды колдондук. Окуучулар интернетти пайдаланып өлкөбүздүн эл чарбасынын

тармактары, жаңы технологияларды колдонуунун натыйжасында пайда болгон кесиптер, кесиптердин квалификациялык мүнөздөмөлөрү, кесиптик чөйрөдөгү эмгектин шарттары, эмгек рыногун өнүгүүсү, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүүнүн жолдору ж.б.у.с. маселелер менен тааныштырууга көңүл бөлдүк.

Натыйжада интернет булактарын кесип тандоодо системалуу жана максаттуу пайдаланган окуучулардын саны эксприменталдык топто 68%ды, ал эми текшерүүчү топто бул көрсөткүч 17%ды түзгөн. Бул жагдайлар өз кезегинде окуучулардын арасынан кесипти аң сезимдүү тандоого ниеттенгендердин 26-28% га өскөн. Текшерүүчү топто бул көрсөткүч 11% болгон. Эксприменталдык топто кесипке багыт берүү ишинде интернетти, маалыматтык технологиянын каражаттарын жана кесипке багыт берүүнүн традициялык форма жана метод менен айкалыштырдык. Натыйжада бул шарт окуучулардын кесипти тандоо диапазонун кеңейтип, кошумча билим алуу, туура кесип тандоо мүмкүнчүлүгүн арттырган, моралдык-психологиялык колдоо көрсөтүүчү факторлордун бири болуп калды.

Жогоруда белгиленген этаптардагы илимий адабияттарды жана педагогикалык практиканы историяграфиялык талдоо окуучуларга кесиптик багыт берүү маселеси ошол учурдун талаптарына жооп алгылыктуу тажрыйбалар топтолгондугун көрсөттү. Педагог окумуштуулар мектеп окуучуларын кесип тандап алууга даярдоо боюнча иш тажрыйбаларды жалпылап, кесиптик багыт берүү ишинин форма жана методдорун сунуш кылышкан. Азыркы кездеги кесиптик багыт берүү ишин санариптештирүү бул мектеп окуучуларынын жеке өзгөчөлүктөрүн жана эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен аң-сезимдүү кесип тандоого даярдоо ишинин инновациялык формасы болуп саналат. Окуучуларга кесиптик багыт берүү ишинин өнүгүү тенденциясы коомдогу санариптештирүүнүн шарттарында бул иштин илимий негизделген системасын, технологиясын гана иштеп чыкпастан, Кыргызстандын мектептеринин тарыхында колдонулуп келе жаткан, өзүн актаган алгылыктуу форма, методдорун жана каражаттарын өркүндөтүү керектигин көрсөтүүдө.

**Адабияттар**:


1. Национальная стратегия развития Кыргызской Республики на 2018-2040 годы. г. Бишкек, от 31 октября 2018 года УП № 221 2. Режим доступа: https://mineconom.gov.kg/storage/directs/documents/209/15421950795bec078718fff.pdf
2. Концепция цифровой трансформации “Цифровой Кыргызстан” – 2019-2023, принятая 14 декабря 2018 года. Режим доступа: https://adam.kg/media/uploads/2021/05/18/sanarip_kyrgyzstan_koncepciya.pdf
3. *Арцимович И.В.* Современное поколение: вызовы обществу или времени // Интерактивная наука. 2017. № 12. – С. 119-121.
4. *Асадуллин Р.М., Хамитов Э.Ш., Хазиев В.С.* Педагогическая проф-ориентация[Текст] /Р.М. Асадуллин, Э.Ш. Хамитов, В.С. Хазиев

a. – Уфа: Изд-во БГПУ, 2012 – С. 264.

5. *Горюнова Л.В.* Профессиональная мобильность специалиста как проблема развивающего образования России. [Текст] / Л.В. Горюнова: автореф. дисс. ... д.п.н.,13.00.01 – Ростов-на-Дону. 2006.–39 с.
6. *Днепров Э.Д.* Советская литература по истории школы и педагогики дореволюционной России (1918-1977). [Текст] / Э.Д.Днепров // Академия педагогических наук СССР. Научно-педагогический институт общей педагогики, – М.:1979. – С. 446.

7. *Нечаев Н.Н., Дурнева Е.Е.* Цифровое поколение: психолого-педагогическое исследование проблемы // Педагогика. 2016. № 1. – С. 36-45.
8. Сазонов, А.Д., Профессиональная ориентация молодѐжи / А.Д. Сазонов, Н.И. Калугин, А.П. Менңиков и др. – М.: Высш. шк., 1989. – С.272.
9. *Сапа А.В.* Поколение Z -поколение эпохи ФГОС // Продуктивная педагогика. 2015. № 8 (56). – С. 2-9.
10. *Сманбаев О.А.* Социально-экономические предпосылки подготовки школьников к выбору профессии в сельском хозяйстве [Текст] / О.А. Сманбаев // Проблемы современной науки и образования. – 2016 –№14(56) . – С.99-103.
11. *Сманбаев Ө.А.* Айыл мектебинде кесиптик багыт берүү ишинин натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору. [Текст] / Ө.А. Сманбаев // «ALATOO ACADEMIC STUDES» жарчысы. – 2017. – 67-71 бб.
12. *Сманбаев Ө.А.* Окуучуларга айыл чарба кесибине багыт берүү ишин моделдештирүү. // И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. Чыгарылыш 2. Серия: педагогика.3-бөлүк, – Бишкек, 2018. – 157-161 бб.

**Рецензент: доктор педагогических наук, профессор Чоров М.Ж.**